| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ<br>ЫЛАЙ-ТАЛАА<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

# ЫЛАЙ-ТАЛАА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН ТОКТОМУ

2026-жылдын 20-майы, № 12/6 Ылай-Талаа айылы

**Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдаланууга берүүдө жылдык жыйымды белгилеп берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү" Мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 30-майындагы № 301 токтому менен бекитилген "Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун берүүнүн тартиби жөнүндө" типтүү жобонун талаптарынын негизинде жайыт аянттарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдаланууга берүүдө жылдык жыйымды белгилеп берүү тууралуу Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары А.Абакировдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Айыл аймагындагы жайыт аянттарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдаланууга берүүдө каралып жаткан жайыт аянтынан күтүлгөн кирешесинин жалпы суммасын түзүү аркылуу максаттуу кирешени гектарга макулдашуу жана аны жайыттын жалпы аянтына көбөйтүү аркылуу **1 (бир) га** аянтка жылдык жыйымдын өлчөмү **10 000 (он миң) сом** болуп бекитилсин.

2.Жайытты убактылуу пайдаланууга берүүдө жайыт пайдалануучулар менен келишим түзүү, айыл аймагындагы алыскы жана жакынкы жайыттарды сарамжалдуу пайдалануу, жайыт акыларынан чогултуу боюнча кескин чараларды көрүү жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүн башчысы Ш.Рахманберди уулуна милдеттендирилсин.

3.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин социалдык маданий, билим берүү, коммуналдык менчик, саламаттыкты сактоо, маалымдуулук, жаштардын иштери, социалдык- экономикалык өнүгүүнүн болжолдуу багыттарын аныктоо, экономика жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына (төрагасы А.Кадыркулов) тапшырылсын.

**Төрага** **А.Мойдунов**